**Саттарова Азиза Тешабаевнанын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери»** деп аталган 13 00.02– окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына **расмий**

**п и к и р.**

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдер кафедрасында аткарылган.

Илимий кеңешчи – И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин *доктору, профессор А.Ж.Муратов.*

***Илимий изилдөө*:** Киришүүдөн, 4 баптан, жыйынтыктан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардан, тиркемелерден турат.

***1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.***

Балдар ырлары – орто мектептердин программасында, окуу китептеринде окутуу үчүн кеңири берилген чыгармалар болгондуктан, аларды окутуунун өзгөчөлүктөрү балдар адабиятынын спецификасы менен байланыштуу экендигине карабастан, адабияттын бул түрүнүн теориялык проблемалары кыргыз адабият таануусунда жана адабий сынында терең иштелбегендиктен, педагогикалык өңүттөн изилдөөдө бир топ кыйынчылыктар кездешкендиктен диссертант бул себеп-натыйжаларды төмөнкүдөй карама-каршылыктарга байланыштуу экендигин белгилеп көрсөтөт:

- азыркы учурда балдардын акыл-сезимин, тарбиясын, эстетикалык табитин өстүрүүдө балдарга арналган ырлардын мааниси чоң болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы;

- балдар адабиятын изилдөөнүн адабий-теориялык базасы, филологиялык негиздери аздыр-көптүр түзүлүп жатса да, ал эмгектерди мектепте колдонуунун технологиялары жеткиликтүү иштелбегендиги;
- мектеп практикасында балдар ырларынын көп окутулгандыгына карабай, университеттерде болочок мугалимдерди балдар ырлары аркылуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун өз деңгээлинде жүргүзүлбөй жатышы;
- алдыңкы мугалимдер тарабынан балдар ырларын окутуунун ар кандай жолдорунун, ыкмаларынын иштелип жаткандыгына карабастан, алардын кыргыз педагогикасында илимий жактан үйрөнүлбөгөндүгү, жыйынтыкталбагандыгы жана практикага кеңири таратылбагандыгы;
- I-VII класстарда балдар үчүн жазылган ырларды окутуу көп сунушталып жатканы менен кара сөз түрүндөгү чыгармаларга караганда окуучулардын ыр түрүндөгү чыгармаларды кабыл алуу деңгээлинин төмөн турушу ж.б. (автореферет, 4-бет).

Ошондуктан балдар ырларын окутуу жараянында ырларды окутуу менен алардын руханий нравалык мүнөздүк сапаттарын жогорулатуу маселеси бүгүнкү билим берүүнү дүйнөлөштүрүүдөгү заманбап талабына ылайык илимий иштин **актуалдуулугун** аныктайт.

***2. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгү.***

- Илимий изилдөөдөгү теориялык–илимий ой пикирлердин анык жана тактыгы:
- •Адабий-көркөм аргументтер далилдүү натыйжалар менен талдангандыгы.

***3.Диссертациянын илимий жаңылыгы.***

Мектепте балдар ырларын окутуунун технологиялары заманбап талаптарга ылайык адабият таануу, педагогика психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө, алгачкы жолу иштелип чыккандыгы; балдар ырларын окутуунун тарыхынын, учурдагы абалынын,

өзгөчөлүктөрүнүн, буга чейинки изилдениши атайын максатта талдоого алынгандыгы; балдар ырларынын мектептин окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши, бул багытта методисттердин, мугалимдердин тажрыйбаларын анализдөө дүйнөлүк педагогиканын методологиясына ылайык өркүндөтүлгөндүгү; мектепте балдар ырларын окутуу технологияларынын колдонулушу педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталгандыгы.

4. ***Диссертациялык иштин негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.***

1. Балдар ырларынын спецификасына адабият таануу илиминин көз караштарына таянылуу менен баа берилгендиги.

2. Ааламдашуу доорундагы балдар ырларынын окуучуларды адептик, эстетикалык, руханий тарбиялоодогу ролу социологиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектерге негизделүү менен далилдүү чагылдырылгандыгы.

3. Кыргыз балдар ырларынын жалпы табияты, тематикалык өзгөчөлүктөрү, айрым акындар тууралуу маалыматтар адабият таануу, эстетика жана адабий сындын булактарына таянуу менен жүргүзүлгөндүгү.

4. Эмгектин мектепте балдар ырларын окутуу проблемасында мугалимдердин адабий-теориялык, кесиптик компетенттүүлүгүн, чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам бергендиги, жана ага диссертанттын илимий сунуштары, корутундулары ишенимдүү жана далилдүү, жеткилиуктүүлүгү.

5. Диссертацияда балдар ырларын талдоо процессинде окуучулардын адабий түшүнүгүн, тилдик байлыктарын, эстетикалык табитин, турмушту аңдап билүү деңгээлин көтөрүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн технологиялары ынанымдуу көрсөтүлгөндүгү.

5. ***Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу***

- Окутуунун технологиясы жана методикасы боюнча илимий изилдөөлөргө багыт болот;

- Изилдөөдөн улам чыгарылган тыянактар жана сунуштар мектепте балдар ырларын окутууда кыргыз адабияты мугалимдеринин сабагын, балдар акындарынын чыгармачылыгын өркүндөтүүгө жардам берет.

- сунуштар, табылгалар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда тиешелүү адистерге көмөк көрсөтөт.

### *6. Иштин жыйынтыктарынын теориялык баалуулугу.*

• Илимий изилдөөнүн билим берүү системасында пайдаланууга ыңгайлуулугу;

• Жалпы билим берүү мекемелерине теориялык- практикалык база боло тургандыгы.

### *7. Диссертациянын адистиги.*

Изилдөөдөгү илимий–теориялык анализдердин жыйынтыктарына таянуу менен **Саттарова Азиза Тешабаевнанын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери»** деп аталган 13 00.02– «окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы 13 00.02– адистигине туура келет.

### *8.Диссертациянын негизги жыйынтыктары*

1 монографияда, 3 усулдук колдонмодо, чет өлкөдө жарыяланган РИНЦ даражасына ээ 14, КРда басылган 11 илимий макалада чагылдырылган жана алардын баары диссертациянын негизги мазмуну менен байланыштуу.

**Автореферат** негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максатына, милдеттерине дал келет жана бири-бири менен бирдей түзүлгөн кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси бар.

Саттарова Азиза Тешабаевнанын диссертациялык изилдөөсү теориялык жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча өз алдынча аткарылган, илимий

жоболору жана корутундулары мектепте балдар ырларын окутуу багытына арналган, кыргыз адабиятын окутуу методикасы илимине салым кошкон, толук бүткөрүлгөн илимий иш болуп саналат.

***9. Диссертациялык иш боюнча сын пикир, сунуштар:***

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштөр** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Педагогикалык экспериментте жогорку окуу жайларында «Балдар адабияты» дисциплинасында кыргыз балдар ырлары кандайча окутулуп жаткандыгы да аныкталса жакшы болмок. Анткени бул мүчүлүштүк изилдөөдөгү проблеманын ЖОЖ –мектеп деген өтмө катыштыгын аныктоого жардам бермек.
2. Балдар ырларын 1-4-класстарда окутууга көбүрөөк басым жасалган да, негедир 5-7-класстарда окутууга аз токтолгон, эгерде башталгыч жана негизги мектептерге бирдей көңүл бөлүнсө иштин сапаты мындан да жогоруламак.

Бирок, аталган сунуштар диссертациянын жалпы илимий деңгээлине терс таасирин тийгизбейт.

***10. Жалпы тыянак.***

**Саттарова Азиза Тешабаевнанын** диссертациялык ишин педагогика анын ичинде окутуунун *жана тарбиялоонун* теориясы менен методикасы адиситигине негиздүү салым кошкон эмгек катары эсептөөгө болот.

Мазмуну, илимий-методикалык сапаты боюнча изденүүчүнүн **«Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери»** деген диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияга коюлган бардык талаптарына жооп берет.

**Саттарова Азиза Тешабаевна** 13 00.02–«окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы» адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу

***Диссертацияга расмий пикир оппонент***

***Педагогика илимдеринин доктору, доцент Үкүева Бүшарипа Кожояровна тарабынан берилди***

**_4__февраль 2019-жыл**

***Үкүева Бүшарипа Кожояровнанын пикирин тастыктаймын***

***ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы,***

***п.и.к., доцент:*** ***Турбубаева Г.***

Ош МУ
Тастыктаймын
20 19 ж. «04» 02
Кадрлар башкармалыгынын начальниги Турдубаева Г.

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.18.580
8 февраля 2019г
уч. сек.: Омурбаева Д.К.